# БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН КООПСУЗДУК КЕҢЕШИНИН 1325 РЕЗОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА АНЫ КЫРГЫЗСТАНДА ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА БАЯНДАМА


UN WOMEN

© “БУУнун Аялдар” түзүмү. Бардык укуктар корголгон.
2020-жылы иштеп чыгарылган.

“БУУнун Аялдар”  түзүмүнүн Кыргызстандагы өлкөлүк кеңсеси тарабынан даярдалган
Автору: Диана Маматова
Калыптоо (верстка): Андрей Жвакин

Бул басылмада айтылган ой-пикирлер авторго(лорго) таандык,  жана сөзсүз түрдө “БУУнун Аялдар” түзүмүнүн көз караштарын чагылдырбайт.

# БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН КООПСУЗДУК КЕҢЕШИНИН 1325 РЕЗОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА АНЫ КЫРГЫЗСТАНДА ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА БАЯНДАМА



Бишкек, Кыргызстан
2020-жыл, март

# МАЗМУНУ


КЫСКАРТУУЛАР 2

КИРИШҮҮ 3

1. АЯЛДАР, ТЫНЧТЫК, КООПСУЗДУК ЖАНА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ 5

2. АЯЛДАР, ТЫНЧТЫК ЖАНА КООПСУЗДУК ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1325 БОЮНЧА УИАП 9

3. УЛУТТУК ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУДАГЫ НЕГИЗГИ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕР 13

4. МЫКТЫ ТАЖРЫЙБАНЫН МИСАЛДАРЫ ЖАНА АЛЫНГАН САБАКТАР 17

5. СУНУШТАР 21

КОРУТУНДУ 27

# КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| **ЖКУ** | Жарандык коомдун уюму |
| **ГТАУМК** | Гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү |
| **ГССИ** | гендердик-сезимтал жана социалдык инклюзивдүү (мамиле) |
| **АУНМ** | Адам укуктарына негизделген мамиле |
| **ЭКАК** | Эч кимди артка калтырбайт |
| **ЖӨБ** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| **ИУП** | Иш-аракеттердин улуттук планы (1325 боюнча) |
| **ЗЗКЭА** | Зордук-зомбулук менен коштолгон экстремизмди алдын алуу |
| **ТӨМ** | Туруктуу өнүктүрүү максаты |
| **БУУ ӨТ** | БУУнун Өлкөлүк тобу |
| **БУУ ККР** | БУУнун Коопсуздук Кеңешинин Резолюциясы |
| **АТК** | Аялдар, тынчтык жана коопсуздук |
| **7ПИП** | Жети пункттан турган иш-аракеттер планы (гендердик факторлор эске алынуу менен тынчтык куруу боюнча) |

# КИРИШҮҮ

Тынчтык жана жаңжалдар адамдардын социалдык статусуна, жынысына, курагына, майыптуулугуна жана башка социалдык факторлорго, ошондой эле алардын экономикалык, физикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөргө жараша ар кандай таасир тийгизет. Контекстти түшүнүүгө келгенде, контексттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий аспектилерин түшүндүрүүдө эске алуучу  факторлордун бири болуп гендер саналат. Изилдөөчүлөр, тажрыйбалуу адистер  жана чечим кабыл алуучулар туруктуу тынчтыкка жетүүдө аялдардын маанилүү ролун,  аялдардын артыкчылыктарга жана коргоо муктаждыктарына шайкеш жооп берүүнү камсыз кылуу зарылдыгын түшүнүшөт. Бирок, жалпысынан, аялдар тынчтык жараяндарына катышуудан четтетилип, чечим кабыл алууга толук максаттуу  катышууга  жетүү  мүмкүнчүлүктөрү жана мейкиндиги чектелүү. Буга жооп катары, эл аралык уюмдар, улуттук өкмөттөр жана дүйнө жүзүндөгү жарандык коом "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" (АТК) деп аталган күн тартибин  биргелешип иштеп чыгышты.

2000-жылы, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңеши "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" жөнүндө 1325 резолюциясын кабыл алган (БУУнун КК АТК боюнча 1325 резолюциясы).[1] Бул резолюция тынчтык жана коопсуздук чөйрөсүнөө тиешелүү гендердин мааниси туралуу маалымдуулукту  жогорулатты  жана аялдардын укугун тынчтыкты орнотуу боюнча  күн тартибине бекем койду. Бул документте, кыздар менен аялдардын чыр-чатактардан  жана согуштардан кандай жапа чеккени жөнүндө маселе козголуп, алардын туруктуу тынчтыкты орнотууда тең укуктуу жана маанилүү ролду ойнной тургандыгы таанылып жазылган. Резолюция кабыл алынган учурдан баштап, көптөгөн өлкөлөр БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясын ишке ашыруу үчүн Улуттук иш-аракеттер пландарын (УИАП) кабыл алышкан, ал эми өнүктүрүү  жараяндын катышуучулары ар кандай программалар аркылуу тынчтыкты орнотууда гендердик аспектилерди киргизүүгө үгүттөөнү улантууда.

2010-жылы, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясынын 10 жылдыгын белгилеген учурунда, аялдардын тынчтыкты орнотууга катышуусу тууралуу баяндама даярдоону БУУнун Башкы катчысынан суранышкан . Тынчтыкты орнотууну колдоо бюросу (PBSO) ЮНИФЕМ фонду менен биргеликте Гендердик маселелерди эсепке алган  тынчтыкты орнотуу боюнча жети пункттан турган Иш-аракеттер планын (7PAP)[2] иштеп чыгышты. БУУ тутуму 7PAP программасын кабыл алуу аркылуу  аялдар менен кыздардын алдындагы отчеттуулугун жогорулатууга милдеттенет. Бул деталдуу планда (1) чыр-чатактарды жөнгө салуу, (2) жаңжалдан кийинки пландаштыруу, (3) тынчтыкты орнотууну каржылоо, (4) жарандык жөндөмдүүлүк, (5) башкаруу, (6) мыйзамдын үстөмдүгү жана (7) экономиканы калыбына келтирүү менен байланышкан конкреттүү "милдеттенмелер" камтылган.

БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясы кабыл алынган учурдан тартып, Кыргызстан 1325 резолюциясы боюнча үч УИАП иштеп чыкты: 2012-2014-жылдарга карата УИАП (2015-жылга чейин узартылды) жана 2016-2017-жылдын УИАП аткарылды, ал эми 2018-2020-жылдардын УИАП азыркы учурда ишке ашырылууда. Өкмөт, 2021-2023-жылдарга  карата УИАП иштеп чыгууну пландаштырууда.

Бул баяндама, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясын жана анын Кыргызстанда аткарылышын талдоого багытталган. Атап айтканда, документте Кыргызстандагы бардык УИАП 1325  жөнүндө жалпы маалымат жана жетишкен  прогресстин жана аныкталган кемчиликтердин талдоосу берилип, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин кезектеги УИАП 1325 жөнүндө маалымдоо боюнча сунуштары жалпыланган. Бул талдоо УИАПтин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча учурдагы отчеттордун, ошондой эле АТК программасынын  алкагында башка ресурстарды жана тажрыйбаларды эске алуунун негизинде даярдалган.

1 Гендердик маселелер жана аялдардын абалын жакшыртуу боюнча Атайын кеңешчинин кеңсеси (2000-ж.). БУУнун Коопсуздук Кеңешинин "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" жөнүндө 1325 резолюциясы

2 Бириккен Улуттар Уюму (2010-ж.). Башкы катчынын баяндамасы: Тынчтыкты орнотууга аялдардын катышуусу: http://www.un.org/ga/search/view_doc.asp?symbol=S/2010/466  шилтемеси аркылуу таанышууга болот

# 1. АЯЛДАР, ТЫНЧТЫК, КООПСУЗДУК ЖАНА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ

## БУУнун АТК боюнча стратегиялык натыйжалары

2010-жылы, Башкы катчы БУУнун резолюциясын аткаруунун он жылдык жетектөөчү стратегиялык негизин сунуш кылган. Бул Бириккен Улуттар Уюмунун 2011-2020-жылдарга "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" жаатындагы стратегиялык натыйжаларынын алкактык документи:[3] БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясы жана АТК боюнча резолюциялардын аткарылышын алга жылдырууга багытталган иш-аракеттердин жалпы багытын камсыз кылат. Жалпысынан, БУУнун уюмдары мүчө мамлекеттердеги УИАПтын ордун аныктоо боюнча аракеттерди колдоо үчүн негизги төрт максаттуу багыттар боюнча конкреттүү иш-чараларды аткаруга жооптуу.

- Алдын алуу: Чыр- чатактар учурунда жана жаңжалдан кийинки кырдаалдарда жаңжалдардын жана аялдар менен кыздарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүнүн алдын алуу.
- Катышуу: Аялдар эркектер менен бирдей деңгээлде катышат, гендердик теңчилик улуттук, жергиликтүү, аймактык жана эл аралык деңгээлдеги тынчтык жана коопсуздук маселелери боюнча чечим кабыл алуу жараянында алдыга жылдырылат .
- Коргоо: Жаңжалдуу кырдаалда аялдардын жана кыздардын укуктары корголот жана колдоого алынат.
- Жардам жана калыбына келтирүү: Өзгөчө кырдаалдарда аялдар менен кыздардын жардамга муктаждыктары эске алынат, ошондой эле чыр-чатак жана чыр-чатактан кийинки кырдаалдарда жардам жана калыбына келтирүү боюнча иш-аракеттерде аялдардын ыйгарым укуктуу өкүл катары иштөө жөндөмдүүлүгү күчөтүлөт.

Ар бир максат же негизги багыт БУУнун сунушталган жетектөөчү органына жүктөлө турган акыркы жана орто аралык натыйжалардын, максаттардын топтомун камтыйт. Ошондой эле, бул натыйжалар тутумунда ар бир максат үчүн көрсөткүчтөр (индикаторлор) топтому бар жана мүчө мамлекеттерге 1325 боюнча УИАПты ишке ашыруудагы жылыштарга байкоо жүргүзүүдө бул көрсөткүчтөрдү эске алуу сунушталат.

Эгерде. 2020-жылдан кийинки жылдарга БУУнун АТК боюнча стратегиялык натыйжаларынын жаңы алкактык документи иштелип чыкса, АТК күн тартибиндеги Кыргызстандагы БУУнун өлкөлүк тобунун негизги артыкчылыктарын жана БУУнун алдыңкы түзүмдөрүнүн негизги конкреттүү иш-аракеттерин аныктоо үчүн бул документти колдонуу көптөн-көп сунушталат. БУУнун өлкөлүк тобу бул жетекчилик көрсөтмөгө таянып, Кыргызстандагы улуттук мамлекеттик өнөктөштөштөрдү УИАПтин иш-аракеттеринин бардык этаптарында – иштеп чыгуу, ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү жана отчеттуулук – АТКнын артыкчылыктарын эске алууга үндөшү керек.

## Туруктуу өнүгүү максаттары

Дүйнөлүк Туруктуу өнүгүүнүн максаттары (ТӨМ) АТК күн тартиби үчүн өтө маанилүү. ТӨМ-5 ("Гендердик теңчиликке жетишүү жана бардык аялдар менен кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү") жана ТӨМ-16 ("Туруктуу өнүгүү үчүн тынч жана инклюзивдүү коомду курууга көмөктөшүү, баарына адилеттикке жетүүнүкамсыз кылуу жана баардык деңгээлде натыйжалуу, отчет берип туруучу жана инклюзивдүү уюмдары түзүү") УИАП 1325 маселелерине тиешеси бар. Ушул ТӨМдөрдүн туюндурмалары жана алардын максаттары АТКнын конкреттүү туюндурмаларын сөзсүз түрдө чагылдырбайт, бирок адам укуктарына негизделген мамиле (HRBA) жана "эч кимди калтырбоо" принциптерине ылайык, аялдар жана кыздар жана тынчтык менен коопсуздук маселелерин адам укуктарынын парадигмасы аркылуу талдоо үчүн негиз болуп саналат.

3 БУУнун 2011-2020-жылдарындагы "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" жаатындагы стратегиялык натыйжаларынын алкактык документи (2010-ж.) менен https://www.un.org/womenwatch/ianwge/taskforces/wps/Strategic_Framework_2011-2020.pdf шилтемеси аркылуу таанышууга болот

## УИАП 1325 жана гендердик теңчилик, тынчтыкты орнотуу жана өнүктүрүү жаатындагы күн тартиби

"Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартиби – бул көзкарандысыз алкак. Бирок, ал гендердик теңчилик, тынчтыкты орнотуу жана өнүктүрүү чөйрөсүндөгү башка негизги алкактык жоболордун татаал тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. УИАП 1325 жаңжалдардын алдын алуу, катышуу, коргоо, куткаруу жана ден-соолукту калыбына келтирүү максаттарына жетүү үчүн конкреттүү жана багытталган иш-аракеттер пландарын камтыса да, бул иш-аракеттер пландарын гендердик теңчилик, тынчтыкты орнотуу жана улуттук деңгээлде өнүгүү жаатындагы башка негизги концептуалдык жана алкактык концепциялар менен байланыштыруу зарыл, мисалы гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча улуттук стратегия, улуттук өнүгүү программалар, улуттар аралык мамилелер жана тынчтыкты орнотуу стратегиялары жана башкалар. УИАПти жергиликтүү шарттарга байланыштыруу жараянында , план улуттук жана регионалдык контексттерге, жараяндарга жана алкактарга ылайыкташтырылса, анда ал туруктуу жана ийгиликтүү натыйжаларга жетишүүгө жардам берет. Мамлекеттик башкаруу органдары УИАП 1325 иштеп чыгууну жана жүзөгө ашырууну тынчтык жана коопсуздук, өнүгүү жана гендердик теңчиликке жетүү боюнча башка улуттук стратегиялык колдонмолор менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн колдонушу керек.

## "БУУнун Аялдар" түзүмү дүйнөлүк деңгээлде

"БУУнун Аялдар" түзүмү тынчтык жараяндарынын бардык аспектилерине аялдардын катышуусун колдоп, тынчтыкты жана жалпы катыштырууну (инклюзивдүүлүктү) илгерилетет. Бардык өлкөлөрдө "БУУнун Аялдар" түзүмү аялдарга башкаруу тутумдарды жетектөөгө , катышууга жана бирдей артыкчылыктарды алууга колдоо көрсөтөт. Түрдүү программалар сот адилеттиги жана коопсуздук боюнча уюмдарда гендердик сезимталдуулукту жогорулатуу үчүн реформаларды жүргүзүүгө, аялдарга карата зомбулукка каршы мыйзамдарды кабыл алууга жана жүзөгө ашырууга, аялдардын муктаждыктарын толук канааттандырган мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө көмөктөшөт.

"БУУнун Аялдар" түзүмү Тынчтыкка, коопсуздукка жана калыбына келтирүүгө аялдардын кызматташтыгынын атайын алдыңкы программасына[4] ээ. Жетектөөчү ченемдик укуктук база, негизинен, Коопсуздук кеңешинин аялдарга, тынчтыкка жана коопсуздукка байланыштуу резолюцияларын: S / RES / 1325 (2000), S / RES / 1820 (2008), S / RES / 1888 (2009), S / RES / 1889 (2009), S / RES / 1960 (2010), S / RES / 2106 (2013) жана S / RES / 2122 (2013); ошондой эле эл аралык адам укуктарын камтыйт. Ушул алдыңкы программанын алкагында "БУУнун Аялдар" түзүмү тынчтык жана гендердик теңчиликке багытталган коомдорду түзүү үчүн беш натыйжаны белгилейт:

1. АТК милдеттенмелерин аткарууга ыңгайлуу шарттар түзүлдү
2. Жаңжалдардын алдын алуу: аялдар жаңжалдарды алдын алуу менен байланышкан чечимдерди кабыл алууга жана аларга жооп чараларын ишке ашырууга катышышат, жана маалымат берет
3. Чыр-чатактарды жөнгө салуу: расмий жана расмий эмес тынчтык сүйлөшүүлөрүндө аялдардын өкүлчүлүгү жана лидерлиги жогорулатылды.
4. Коргоо: аялдар менен кыздардын коопсуздугу, алардын физикалык жана психикалык саламаттыгы жана коопсуздугу кепилденди жана алардын укуктары сакталды.
5. Тынчтыкты орнотуу жана калыбына келтирүү: жаңжалдан кийинки кырдаалда аялдар менен кыздардын социалдык жана экономикалык жактан калыбына келтириши жана саясий катышуусу кубатталды.

## Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмүнүн өлкөлүк кеңсеси

Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмүнүн өлкөлүк кеңсесинин АТК портфелиндеги тынчтыкты орнотууда аялдардын ролун колдогон бир нече долбоорлорду ишке ашырды. Мурда, өлкөлүк кеңсеси улуттук жана жергиликтүү деңгээлде тынчтыкты орнотууда аялдар менен жаштардын ролун жогорулатууга, жаратылыш ресурстарын, анын ичинде суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга, гендердик мамилелерди изилдөө жана тынчтыкты орнотуу, чек ара жана экономикалык көйгөйлөрдү чечүүдө аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө басым жасаган. Азыркы учурда, өлкөлүк Кеңсе, жергиликтүү

4 "БУУнун Аялдар" түзүмү, Тынчтыкка, коопсуздукка жана калыбына келтирүүгө аялдардын кызматташтыгынын алдыңкы программасы, 29-б.: https://www.unwomen.org/-/media/head Corporate/attachments/sections/library/publications/2015/un-women-flagship-programmes-booklet-en.pdf?la=en&vs=357 шилтемеси аркылуу таанышууга болот

башкаруу органдарына гендердик сезимтал пландаштыруу  жана бюджетти түзүүгө, медиа, гендер жана жаңжалга сезимтал журналистика, жарандык билим жана толеранттуулук, ошондой эле аялдардын жана кыздардын аялуу топторунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган БУУнун зомбулуктуу экстремизмдин алдын алуу боюнча биргелешкен программасын (PVE)  ишке ашырууну аяктап жатат. Мындан тышкары, жакында кеңсе тынчтыкты орнотуу жана өнүгүү жаатында БУУнун аялдар жана миграция көйгөйлөрү боюнча биргелешкен жаңы программасын баштады.

Тактап айтканда, УИАПти ишке ашырууда Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү техникалык жана каржылык колдоо көрсөттү. Атап айтканда, өкүлчүлүк  УИАПтин ишке ашыруу, УИАПти иштеп чыгуу боюнча кеңештерди  колдоп, УИАПтин алкагында айрым иш-чараларды каржылаган. УИАПтин аткарылышы боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга техникалык экспертизаны өткөрүп, жарандык коом уюмдарына мониторинг жүргүзүүдө көмөк көрсөткөн, ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес таламдаш тараптардын гендердик теңчилик, АТК жана БУУнун КК 1325 резолюциясы жаатындагы дараметин жогорулатты.





Жогорудан төмөн карай:

Баткен облусунун Мамлекеттик Администрациянын башчысы Халмурзаев мырза Кыргызстандагы Тынчтык күнүндө БУУнун башкы катчысынын атайын өкүлү (БКАӨ) жана БАБУУПДБнын башчысы Герман айымды, 2018-жылдын 21-сентябрында куттуктоодо. Сүрөт: БУУнун аялдар түзүмү

Фергана өрөөнүнөн келген байкоочу аялдар 2012-жылдын 14-ноябрында Кыргызстанда БУУ КК резолюциясы 1325 ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү семинарында. Сүрөт: БУУнун аялдар түзүмү

# 2. АЯЛДАР, ТЫНЧТЫК ЖАНА КООПСУЗДУК БОЮНЧА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УИАП 1325

### Биринчи УИАП 1325ти демилгелөө

2010-жылдын июнь айында, Кыргызстандын түштүгүндө улуттар аралык зордук-зомбулуктан кийин, Тынчтыкты орнотуучу аялдар уюмунун мүчөлөрү чыр-чатактардын Кыргызстандагы аялдардын абалына тийгизген таасирин жөнүндө парламентарийлер, мамлекеттик кызматкерлер, жарандык коом жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен 2011-жылы улуттук кеңешүүлөрдү өткөрүшкөн. 2012-жылы, Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясы боюнча Улуттук иш-аракеттер планын (УИАП) иштеп чыгууну тапшырган парламент мүчөлөрүнүн кызыкчылыгына колдоо көрсөткөн. Натыйжада, өкмөт саясий эркти көрсөттү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Коргоо жана коопсуздук боюнча комитети 2012-жылдын апрелинде резолюцияны кабыл алып, анын Кыргызстанда ыңгайлаштыруу жөнүндө токтомго кол койду. Ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн, анын курамына ички иштер министринин орун басарынын жетекчилиги астында бир катар тармактык министрликтер менен ведомстволордун өкүлдөрү кирген. Топтун мүчөлөрү бир нече жолу чогулуп, 2012-жылдын октябрь айынын аягына чейин УИАП долбоорун даярдоого техникалык колдоо алышты. 2013-жылдын февралында өкмөт 2013-2014-жылдарга карата УИАП 1325 кабыл алып, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууда аялдардын ролу жөнүндө 1325 резолюциясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планын бекитүү тууралуу № 78 токтомуна[5] кол койду.

2013-жылдын апрелинде,"БУУнун Аялдар" түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө УИАП 1325 үчүн индикаторлорду иштеп чыгуу, анын наркын эсептөө жана аны жүзөгө ашырууну[6] пландаштыруу үчүн колдоо көрсөттү."БУУнун Аялдар" түзүмүнүн Башкы кеңсесинин кызматкерлери тиешелүү семинарларды өткөрүү үчүн Кыргызстанга келишкен жана ушул семинарларга ар түрдүү мамлекеттик органдардын кызматкерлери катышышты. 1325-резолюциясы боюнча УИАПтин болжолдуу наркын аныктоого жардам берүү үчүн улуттук эксперт жалданды. Бир миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү тартыштык аныкталса да, көпчүлүк иш-чаралар өкмөт милдеттенген каржыдан тышкары каржылоону талап кылбайт.

Өкмөттүн өтүнүчү боюнча, "БУУнун Аялдар" түзүмү донордук коомчулугун жана Бириккен Улуттар Уюмунун агенттиктерин УИАП 1325тин каржылоосу жок айрым иш-аракеттеринин бюджетин талкуулоого жана камсыздоого чакырышты. Натыйжада, "БУУнун Аялдар" түзүмү, БУУнун Баңги заттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы (БУУ БКБ), БУУнун Калк фонду (ЮНФПА) жана БУУнун Өнүктүрүү программасы (БУУӨП) кийинчерээк, негизинен Бириккен Улуттар Уюмунун Тынчтыкты орнотуу фондунун каржылоосунун эсебинен, тандалган иш-аракеттерди колдошту. Мындан тышкары, Европадагы кызматташтык жана коопсуздук уюму (ЕККУ) 2014-жылы 1325 резолюциясына ылайык УИАПти ишке ашыруу үчүн каражат бөлгөн. Кийинчерээк бул УИАП 2015-жылга чейин узартылган.

### УИАП 1325 боюнча негизги мамлекеттик жана мамлекеттик эмес кызыкдар тараптар[7]

Кыргызстан УИАПти иштеп чыгууну жана ишке ашырууну координациялоо үчүн төмөнкүдөй

5 Өкмөттүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 78 "БУУнун Коопсуздук Кеңешинин тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууда аялдардын ролу жөнүндө 1325 резолюциясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планын бекитүү жөнүндө" токтому: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/94172?cl=ru-ru шилтемеси аркылуу таанышууга болот

6 Кыргызстанда Коопсуздук Кеңешинин 1325 (2000-ж.) резолюциясынын аткарылышын колдоо, Австрия Өкмөтүнө акыркы отчет, 2013-жылдын январь-декабрь айлары.

7 Сереп "БУУнун Аялдар" түзүмү (2020-ж.) тарабынан жүргүзүлгөн АТК боюнча таламдаш тараптардын картографиялык окууларына жана ЕККУнун УИП 1325 (2020-ж.) программасынын аткарылышы жөнүндө баяндамасына негизделген: https://www.osce.org/secretariat/444577 шилтемеси аркылуу таанышууга болот

структураны колдонот. УИАПти ишке ашырууну контролдоо жана координациялоо боюнча жетектөөчү ведомство болуп Ички иштер министрлиги жана Премьер-министрдин Аппаратынын коргоо иштери, укук коргоо органдары жана өзгөчө кырдаалдар боюнча бөлүмү саналат.

Негизги көмөкчү органдары болуп Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитет, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги эсептелет. АТК программасын колдоо боюнча башка мамлекеттик органдарга жана министрликтерге – Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет жана Дин иштери боюнча мамлекеттик комитет кирет.

Өлкөнүн саясий жагдайды эске алуу менен, АТК программасына киргизүү жана ага жогорку саясий салмак берүү үчүн өкмөт менен тыгыз иштешүү сунушталат. Мисалы, өкмөттө Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин[8] жана Аялдар иштери жана гендердик өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин катчылыгы[9] бар. Эки орган тең УИАПти ишке ашыруу боюнча иш-чараларга байланыштырса болот. Мындан тышкары, УИАПтин аткарылышын көзөмөлдөөдө парламенттин ролу дагы маанилүү болушу мүмкүн. Айрыкча аял-депутаттар форумунун мүчөлөрү аркылуу иштөө жана аларды активдүү катыштыруу сунушталат. Айрым министрликтер УИАПти ишке ашырууга катышпайт, бирок АТК жаатындагы күн тартибине өз салымын кошушу мүмкүн. Маданият, маалымат жана туризм министрлиги УИАПти ишке ашыруу үчүн маалыматтык саясат боюнча керектүү иштерди жүргүзө алат, ал эми Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги жаш муунду АТК маселелерине тарта алат.

Жарандык коом уюмдарынын арасынан, Аялдардын тынчтыкты орнотуу уюму жана Аялдардын демилгелүү топтору катары жергиликтүү, улуттук жана эл аралык деңгээлде УИАПти иштеп чыгуу жана ишке ашырууда байланышты камсыз кылуу үчүн маанилүү ролду ойношту. Бул тармактар 2010-жылдын июнь айында улуттар аралык кагылышуудан кийин түзүлгөн жана Аялдардын тынчтык уюмдарынын тармагы катары 800дөн ашык мүчөсү бар 35 топко чейин жайылган. Мындан тышкары, Кыргызстанда коопсуздук жана сот адилеттиги тармагындагы аялдардын кесиптик ассоциациялары түзүлгөн – Коопсуздук тармагындагы кыргыз аялдарынын ассоциациясы жана Сот аялдарынын ассоциациясы. Бул кызыкдар тараптар УИАПке аялдардын коопсуздук тармагындагы өзгөчө муктаждыктары жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымдоодо, ошондой эле УИАПти жүзөгө ашырууда өз тажрыйбаларын бөлүшүүдө чечүүчү ролду ойношту. Дагы бир өкмөттүк эмес уюм, Аялдарды колдоо борбору, УИАПти иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу, айрыкча, УИАПти ыңгайлаштыруу маселесине келгенде маанилүү роль ойношту. Аялдардын тынчтык уюмдарынын тармагында иштеген башка ЖКУлар: “Инновациялык чечимдер” КБ, “Демократиялык процесстерди изилдөө борбору” КФ, “Роза Отунбаеванын демилгеси” КФ, “Эл аралык толеранттуулук үчүн” КФ, “Инсан Диамонд” КФ, “Ирет” КФ жана башкалар.

Өнүгүү боюнча өнөктөштөр УИАПти иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда өлкөгө колдоо көрсөтүүгө активдүү катышышат. Буларга БУУнун агенттиктери жана жардам көрсөтүүчү эл аралык уюмдар жана агенттиктер кирет: БУУӨП, БУУнун Калкты жайгаштыруу фонду (ЮНФПА), БУУ БКБ, “БУУнун Аялдар” түзүмү, ЭМУ, ДСУ, БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ), ЕККУ жана ЕС, Ага хан фонду, Улуттук Демократиялык Институту, (АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (ЮСАИД), Дүйнөлүк банк жана башкалар.

Кыргызстандагы АТК күн тартиби, айрыкча, УИАПти ишке ашырууну колдогон академиялык, илимий-изилдөө жана маалыматтык иштерди алга жылдыруу үчүн академиялык коомчулук (илимий жана билим берүү чөйрөлөрү) жана ЖМКнын кызыкдар тараптары менен кызматташтыкты кеңейтүү сунушталат.

## 2013-2015-жылдарга карата УИАП 1325 жөнүндө жалпы маалымат

Биринчи УИАП өкмөттүн 2013-2014-жылдарга карата дымактуу планы болгон. Жалпысынан беш максат коюлган:

- 1-максат. Чыр-чатактарды алдын алуу иштеринде аялдар менен кыздардын укуктарын ишке ашыруу жана коргоо үчүн институционалдык негизди түзүү.
- 2-максат. Коопсуздук, коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар тармагында, анын

8 2013-жылдын 18-ноябрындагы № 630 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Адам Укуктары боюнча координациялык кеңеш жөнүндө” токтому: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/94823?cl= RU-RU шилтемеси аркылуу таанышууга болот

9 2012-жылдын 2-майындагы №268 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Аялдар иштери жана гендердик өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш жөнүндө” токтому: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/93602 шилтемеси аркылуу таанышууга болот

ичинде чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын ролун күчөтүү.

- 3-максат. Жаңжалдуу кырдаалдарда аялдар менен кыздарга карата зомбулукка келишпестик айлана-чөйрө түзүү.
- 4-максат. Аялдар менен кыздар үчүн коопсуз чөйрө түзүү жана аны колдоо.
- 5-максат. Жаңжалдуу шарттарда аялдар менен кыздарды коргоону эске алуу менен чара көрүүчү субъекттердин даярдыгын күчөтүү үчүн жооптуу адамдардын дараметин жогорулатуу.

Мониторинг тууралуу отчетко ылайык, жалпысынан биринчи УИАП жарым-жартылай аткарылган. Тагыраак айтканда, УИАПти жүзөгө ашырууда жылыштар төмөнкүдөй натыйжаларга алып келди: 2-максат боюнча жумуштар дээрлик толугу менен бүттү, 1, 4 жана 5-максаттар боюнча иштер жарым-жартылай бүттү, 3-максат аягына чыккан жок. Ал эми 3 жана 4-максаттарды карасак, өкмөт УИАПке тиешеси жок маселелер жөнүндө билдирди. Эки максатта тең отчетто үй-бүлөдөгү/үйдөгү зомбулукту токтотууга багытталган чаралар каралды, УИАП 1325 боюнча пландаштырылган чаралар жана иш-аракеттер каралган эмес. Мисалы, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары 1325 резолюциянын алкагында тынчтыкты орнотуу жана коопсуздук маселелери боюнча эмес, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча тренингдерди өткөрүштү, же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү үй-бүлөдөгү зомбулукту жергиликтүү өнүгүү пландарына киргизишкен, бирок анда бул резолюцияны колдогон конкреттүү чаралар чагылдырылган эмес.

Пландаштырылган иш-чаралардын бардыгы өз убагында аткарылбагандыктан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү биринчи УИАПти 2015-жылдын аягына чейин узартууну чечти. Узартылгандан кийин да, 2015-жылы Аялдарды колдоо борбору жүргүзгөн экспресс-баалоого ылайык, өкмөт "субъективдүү жана объективдүү себептерден" улам УИАПтин иш-аракеттеринин 60%га жакынын гана жүргүзгөн. Анын себептери эмне экени белгисиз.

## 2016-2017-жылдарга карата УИАП 1325 жөнүндө жалпы маалымат

2015-жылдын экинчи кварталында ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөлөрү жана башка таламдуу тараптар биринчи УИАПтин алкагында башталган иштерди улантышты жана 2016 жана 2017-жылдарга карата жаңы УИАПти (негизинен БУУӨП тарабынан колдонгон) иштеп чыгуу жараянына киришти. Сунуштарды талкуулоо жана 2016-2017-жылдарга карата УИАП жөнүндө маалымат берүү үчүн УИАПти ишке ашыруунун биринчи этабынын натыйжаларын көрсөтүү менен консультациялар уюштурулган. 2015-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын өкмөтү Премьер-министри кол койгон "2016-2017-жылдарга иштелип чыккан УИАП 1325 ишке ашыруу жөнүндө" № 560[10] буйругун чыгарды. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги УИАПтин аткарылышынын натыйжалары боюнча мониторинг жана отчеттуулук үчүн жооптуу мамлекеттик түзүм катары дайындалды. План үч максатты, тогуз милдетти (узак мөөнөттүү чаралар) жана 34 иш-чараны (кыска мөөнөттүү чаралар) камтыйт:

- 1-максат: Тынчтыкты орнотуу жана коопсуздук маселелерин ишке ашыруу, анын ичинде чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын катышуусун күчөтүү
- 2-максат: Чыр-чатактардын жана алардын аялдар менен кыздарга тийгизген кесепеттеринин алдын алуу.
- 3-максат: Чыр-чатактарды жана кризистерди жаратуучу шарттарда калкты, анын ичинде аялдар менен кыздарды коргоо үчүн жооптуу чара көрүү субъекттерин даярдоо.

УИАПти жүзөгө ашыруунун натыйжаларына жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжасында, 34 иш-чаранын 32си толугу менен аткарылды. Эки бүтүрүлбөгөн иш-чаралар каржылоонун жоктугуна байланыштуу аткарылган жок.

## 2018-2020-жылдарга карата УИАП 1325 жөнүндө жалпы маалымат

2018-2020-жылдарга карата УИАП ведомстволор аралык жумушчу топ тарабынан "БУУнун Аялдар" түзүмүнүн колдоосу менен жана БУУ БКБ, БУУӨП жана БУУКЖ (ЮНФПА) менен биргеликте иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2018-2020-жылдарга карата УИАП 1325 кабыл алып, УИАПтин 2018-жылдын 21-сентябрындагы №334 буйругуна[11] кол койду. Сунушталган кеңештер жана көзөмөлдөө (мониторинг) отчеттору 2018-2020-жылдарга карата УИАПтин

10 2015-жылдын 17-ноябрындагы № 560 "2016-2017-жылдарга УИП 1325 ишке ашыруу боюнча" буйрук: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/215148?cl=ru-ru шилтемеси аркылуу таанышууга болот

11 2018-жылдын 21-сентябрындагы №334 "2018-2020-жылдарга УИП 1325 ишке ашыруу жөнүндө" буйрук: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/216600 шилтемеси аркылуу таанышууга болот

ишке ашырылышын баяндайт. УИАПти жүзөгө ашыруу үчүн мониторинг жана отчеттуулук механизмдери биргелешип изилденип, күчөтүлдү. Быйыл УИАПти ишке ашыруу үчүн акыркы жыл. Анын үч максаты, жети милдеттери (узак мөөнөттүү чаралар) жана 18 иш-аракети (кыска мөөнөттүү чаралар) бар:

- 1-максат: Тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого багытталган иш-чараларга, анын ичинде чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын ролун жана катышуусун күчөтүү.
  - 1.1. Бийликтин жана өз алдынча башкаруунун жергиликтүү органдарында аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтүү.
  - 1.2. Зомбулуктуу экстремизмге жана терроризмге алып келүүчү диний радикалдашуу коркунучун азайтуу үчүн жергиликтүү деңгээлде аялдардын катышуусун жогорулатуу жана аялдардын демилгелерин колдоо.
- 2-максат: Аялдар менен кыздарга карата чыр-чатактарды жана зомбулук коркунучун болтурбоо максатында мамлекеттик органдардын, ЖӨБОнун жана жарандык коомдун өз ара аракетин күчөтүү.
  - 2.1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын чыр-чатактарды жана аялдар менен кыздарга карата зомбулук коркунучтарынын алдын алуу боюнча даражетин жогорулатуу жана даярдыгын күчөтүү.
  - 2.2. Тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу ишинде мамлекеттик органдардын, ЖӨБОнун жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү.
  - 2.3. Зомбулуксуз маданиятка, гендердик адилеттүүлүккө жана өз ара урмат-сыйга үйрөтүү аркылуу кыздар менен эркек балдардын даражетин жогорулатуу.
- 3-максат: Өзгөчө кырдаалдар шартында аялдардын жана кыздардын өзгөчө муктаждыктарын жана керектөөлөрүн коргоо жана эсепке алуу тутумун өркүндөтүү.
  - 3.1. Өзгөчө кырдаалдар шартында аялдар менен кыздардын өзгөчө муктаждыктарын коргоо жана каттоону камсыз кылуу боюнча милдеттерди эске алуу менен ыйгарым укуктуу органдардын даярдыгын жогорулатуу.
  - 3.2. Өзгөчө кырдаалдарда зомбулуктан жабыр тарткандарга, анын ичинде аялдарга жана балдарга көрсөтүлө турган тейлөө кызматтарынын сапатын жакшыртуу.

Ички иштер министрлиги 2018-2020-жылдарда – 2018-жылдын акыркы чейреги жана 2019-жылдын биринчи жана экинчи чейректеринде баяндалган иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө эки отчет даярдады. УИАПти ишке ашыруунун натыйжаларына баа берүү жана мониторинги кийинчирээк жүргүзүлүшү керек.

# 3. УЛУТТУК ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫН ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ НЕГИЗГИ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕР

### УИАПти ишке ашыруудагы микро деңгээлдеги кыйынчылыктар

**2012-2014-жылдарга** карата УИАПти ишке ашыруу учурунда аныкталган негизги көйгөйлөр (2015-ж.):

- “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелери боюнча УИАПтин иш-чараларын жүзөгө ашырууга катышкан негизги кызыкдар тараптардын чыр-чатактардын алдын алуу, тынчтыкты орнотуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жана тынчтыкты калыбына келтирүү боюнча кийинки аракеттерди ишке ашырууга жөндөмдүүлүгүнүн  жетишсиздиги.
- УИАПти ишке ашырууга бөлүнгөн  тиешелүү ресурстардын  жетишсиздиги.

**2016-2017-жылдарга** карата УИАПти ишке ашыруу учурунда аныкталган негизги көйгөйлөр:

- Каржылоонун начардыгы жана мамлекеттик колдоонун жоктугу.
- УИАПти ишке ашырууда жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги тиешелүү мамлекеттик түзүмдөрдүн ортосундагы айкаштыруу , өз ара аракеттешүү жана макулдаштыктын начардыгы.
- УИАПтин көрсөткүчтөрү (жана алардын кандайча түзүлгөндүгү) мамлекеттик органдары тарабынан  алып барган иш-чаралар жөнүндө так маалымат берүүгө мүмкүндүк бербейт. Көбүнчө, мамлекет өкүлдөрүнүн отчетторунда “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелерине анчалык деле көңүл бөлүнбөстөн, үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы күрөшүү жана гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча жалпы иш-чараларды камтыйт.
- Институционалдык эс тутумдун жоголушу жана мамлекеттик деңгээлде кадрлардын тез-тез алмашуусу УИАПтин бардык пландаштырылган максаттарынын аткарылышына терс таасирин тийгизди.

**2018-2020-жылдарга** карата УИАПти ишке ашыруу учурунда аныкталган негизги көйгөйлөр:

- Ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөлөрүн алмаштыруу улантылууда. Бул топтордун мүчөлөрүнүн арасында натыйжалуу иштөөнү, туруктуулукту жана үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу үчүн билимдин, тажрыйбанын жана көндүмдөрдүн топтолушуна терс таасирин тийгизди. Гендердик маселелер боюнча эксперттер тиешелүү мамлекеттик органдарга негизги жооптуу мүчөлөрдү дайындоону жана УИАПти ишке ашыруунун бүткүл жараяны учурунда аларды алмаштырбоону сунуш кылды.

### УИАПти ишке ашыруудагы макро деңгээлдеги кыйынчылыктар

2012-жылдан бери Кыргызстан 1325 резолюция боюнча эки УИАПты ишке ашырды, ушул жылы үчүнчү УИАПти бүтүрүп, 2021-2023-жылдарга карата төртүнчү УИАПты иштеп чыгууну демилгеледи. Ар бир УИАПтин аягында жүргүзүлгөн баалоолор УИАПты ишке ашыруу учурунда аныкталган негизги кыйынчылыктарга толук көз чаптырууну камсыз кылат. Талдоо УИАПты ишке ашыруунун ар бир циклинде кездешүүчү микро деңгээлдеги техникалык кыйынчылыктарды баса белгилейт. Бирок, ошондой эле жетишилген жылыштарды жана УИАПты ишке ашырууда кездешкен кыйынчылыктарды жана, жалпысынан, “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартибин макро деңгээлде жүзөгө ашыруу учурунда кездешкен кыйынчылыктарды чагылдыруу жана баалоо маанилүү. Мындай баалоо жараянды, анын ичинде техникалык жараяндардын жана “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартибине байланыштуу баалуулукка  багытталган жараяндардын

ортосундагы байланышты кеңири түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Макро деңгээлде тынчтыкты орнотууга аялдардын көбүрөөк катышуусуна жетишүүдө Кыргызстан кандай ийгиликтерге жетишти? Өлкө тынчтык жана коопсуздук маселелерин чечүү үчүн гендердик аспекттин маанилүүлүгүн мойнуна алып, белгилүү бир прогресске жетишти. Бирок, чыр-чатактардын алдын алуу, аларды жөнгө салууга же чечүүгө аялдардын чыныгы катышуусу жөнүндө сөз болгондо, бул прогресс өтө чектелүү. Аялдар дагы деле тынчтыкты орнотуу жараяндарына катышпайт же жөн гана пассивдүү ролду ойношот. Айрым жигердүү аялдар толеранттуулукту жана достукту чыңдоо үчүн көбүнчө маданий жана спорттук иш-чараларды уюштурушат. Эркектер, тескерисинче, чыр-чатактарды  башкарууда жана аларга жооп кайтарууда негизги ролду ойношот.

Кыргызстандын түштүк регионлорундагы чек ара жаңжалдарынын мисалында – борбордук мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийлик органдарынын, чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо комитетинин мүчөлөрү же жумушчу топтун мүчөлөрү, диний лидерлер же жамааттардын мүчөлөрү болобу – эркектер чыр-чатактарды жөнгө салуу жараяндарына катышышат. Аялдар, тескерисинче, жаңжал чыккан аймактардан эвакуацияланат жана сүйлөшүүлөргө катышпайт.

Патриархалдык социалдык ченемдердин татаал жыйындысы аялдарды кыйла оор абалга калтырат. Зыяндуу  гендердик ченемдер үй жумуштарды аялдардын негизги милдети катары эсептейт жана эркектерди үй-бүлөдөгү негизги чечим кабыл алуучулардын катарына киргизет[12] Бир жагынан, коом жана айрыкча эркектер бул басмырлоо тажрыйбасын үй-бүлөлүк, жамааттык жана улуттук деңгээлде таңуулап, кубаттап жатышат. Экинчи жагынан, аялдар көбүнчө гендердик стереотиптерге негизделген өзүн-өзү чектөөчү жүрүм-турумду колдонуп келишет  жана тынчтыкты орнотууда өздөрүнүн ролун көрүшпөйт. Коопсуздук маселелери – салттуу түрдө эркектердин маселеси деген дагы бир жалпы стереотип мындай көрүнүштү күчөтөт.

Макро деңгээлде УИАП 1325ти ишке ашыруунун башкы кыйынчылыктарынын бири –  “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелерин саясий күн тартибиндеги артыкчылыктуу багыт катары таануу болуп саналат. Көпчүлүк учурда улуттук коопсуздук саясатында “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелери экинчи орунда турат. Гендердик теңчиликтин жана адам укуктарынын кеңири алкагы катары “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелерин тереңирээк түшүнүү керек. Кеп тынчтыкты орнотууга аялдардын катышуусунда гана эмес, гендердик теңсиздик жана эркектер менен аялдардын ортосундагы күчтөрдүн ара катышы тең эмес  экендиги жөнүндө болуп жатат. Гендердик сезимтал аспектилер жана социалдык жактан инклюзивдик мамилелер бардык адамдар үчүн туруктуу тынчтыкты жана коопсуздукту, адам укуктарын, айрыкча аялдардын укугун камсыз кылат.

12 Кыргыз Республикасында коомдогу гендерди кабыл алууну изилдөө, “БУУнун Аялдар” түзүмү, ЮНФПА, ЭМУ (2018-ж.), https://eca.unwomen.org/ru/digital-library/publications/2020/04/gender-in-society-perception-study-kyrgyz-republic шилтемеси аркылуу таанышууга болот






Жогорудан төмөн карай:

Баткен Мамлекеттик Университетинин студенти 2018-жылдын 21-сентябрында Кыргызстанда Тынчтык Күнүндө БУУнун башкы катчысынын атайын өкүлү (БКАӨ) жана БАБУУПДБнын башчысы Герман айымдын лекциясы учурунда тынчтыкты курууда жаштардын жана аялдардын ролу жөнүндө ойун бөлүшүүдө. Сүрөт: БУУнун аялдар түзүмү

2018-жылдын 21-сентябрында Кыргызстанда Тынчтык күнүндө БУУнун Башкы Катчысынын Атайын Өкүлү (БКАӨ) жана делегациянын мүчөлөрү менен Кыргызстандын жана Тажикстандын чек ара коомчулугунун активист аялдарынын топтук сүрөтү. Сүрөт: БУУнун аялдар түзүмү

# 4. МЫКТЫ ТАЖРЫЙБАНЫН МИСАЛДАРЫ ЖАНА АЛЫНГАН САБАКТАР

УИАПти ишке ашыруу учурундагы кыйынчылыктарга карабастан, бул жараяндардан сабактарды алуу да байкалууда. Төмөндө алынган сабактардын мисалдары жана Кыргызстанда УИАПти ишке ашыруунун мыкты тажрыйбалары келтирилген:

- **УИАП 1325ти иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарылчылыгын үзгүлтүксүз таануу:** 2012-жылдан баштап, Кыргызстан “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартибин БУУнун ККнын 1325-резолюциясы жана УИАП 1325ты ыңгайлаштыруу аркылуу алдыга жылдыруу зарылдыгын түшүнүп келатат. Ушул жылы өлкө үчүнчү УИАПты аягына чыгарып, кийинки УИАПты иштеп чыгууну жана кабыл алууну пландаштырууда. Бул “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартибин колдоп жаткан үзгүлтүксүз түшүнүү туруктуу жаңылануу жана чыр-чатактардын алдын алуу жана жөнгө салууда аялдардын ролун жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берет.
- **УИАПтын ишке ашырылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү:** өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн колдоосу менен жарандык коом жана гендердик маселелер жана тынчтыкты орнотуу боюнча эксперттер алынган сабактарды, негизги маселелерди жана сунуштарды чогултуп, кийинки УИАПка маалымат берүү үчүн ушул далилдер базасын колдонуп, УИАПтын ишке ашырылышына көз карандысыз баалоо жүргүзүүнү улантып жатышат.
- **Негизги таламдаш тараптар менен кеңешүүлөрдү өткөрүү:** УИАП жөнүндө маалымат берүү үчүн мамлекеттик таламдаш тараптар, өнүгүү боюнча өнөктөштөр, жарандык коом жана УИАП 1325 боюнча эксперттик коомчулугу сыяктуу тиешелүү таламдаш тараптар менен кеңири кеңешүүлөрдү өткөрүп туруу маанилүү.
- **УИАПты ишке ашырууда техникалык экспертиза жүргүзүү:** өнүгүү боюнча өнөктөштөр УИАПты ишке ашырууда өкмөткө техникалык колдоо көрсөтүшөт. Бул жараянды колдоого гендердик теңчилик жана тынчтыкты орнотуу боюнча бир нече эксперттер тартылган.
- **Тынчтык үчүн Ачык эшик күндөрүн өткөрүү:** Бул иш-чаралар жана Ачык эшиктер күнү боюнча консультанттар аялдарга сөз сүйлөөгө платформа түзүп, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясынын аткарылышын карап чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Кыргызстанда тынчтык үчүн жыл сайын бир нече Ачык эшиктер күндөрү өткөрүлөт. Бул дүйнөлүк тажрыйба Кыргызстандагы аялдарга, жаштарга жана жарандык коомго “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелерин талкуулоого, улуттук жана жергиликтүү бийлик органдары менен диалогду баштоого жана тынчтыкты орнотуу, жаңжалдардын алдын алуу, жөнгө салуу жана чечүүдө аялдардын ролун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берди.
- **УИАПты жүзөгө ашыруу үчүн аялдар уюмдарын тартуу:** Кыргызстанда УИАП 1325тин аткарылышын колдогон бир нече жигердүү аялдар уюмдары бар. Бул аялдар жана аялдар уюмдары жергиликтүү деңгээлде профилактикалык иштер менен алектенишет. Бул инструмент жергиликтүү деңгээлде аялдардын активдүүлүгүн колдоп, “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартибин өркүндөтүү үчүн алардын дараметин күчөтүп келет.
- **Өнүгүү боюнча өнөктөштөр менен кызматташуу:** БУУ, эл аралык уюмдар, ӨЭУлар жана эксперттер “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” маселелер боюнча программаларды ишке ашыруу жана УИАПтин иштеп чыгуу , жүзөгө ашыруу, көзөмөлдөө жүргүзүү жана отчет берүүгө көмөктөшүү үчүн өкмөт менен улуттук жана жергиликтүү деңгээлде иштешет. Бул өлкөдөгү “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартиби алдыга жылгандыгы тууралуу кабар берет.
- **УИАП 1325 боюнча тиешелүү таламдаш тараптардын дараметин чыңдоо:**

Бул мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын, жарандык коомдун, жалпы коомчулуктун, анын ичинде аялдардын жана башка адамдардын УИАП 1325 күн тартибинин аткарылышына көмөктөшүү үчүн дараметин чыңдоодо маанилүү аспап болду . Бул УИАП 1325 боюнча билимди, көндүмдөрдү жана тажрыйбаны жайылтуу менен, БУУнун ККнын 1325 резолюциясы жөнүндө түшүнүктү жогорулатуу, жаңжалдардын алдын алуу, жөнгө салуу же чечүү учурунда  аялдардын ролуна жана тынчтыкты орнотуу үчүн активдүү позицияны ээлешине байланыштуу мамилелерди өзгөртүүгө жана жүрүм-турумдук өзгөрүүлөргө алып келиши мүмкүн.

- **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын гендердик аспектилерди эске алуу менен пландаштыруу чөйрөсүндөгү дараметин күчөтүү:** УИАПты ыңгайлаштыруу тууралуу сөз болгондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук”  күн тартибин жергиликтүү деңгээлде жайылтууда жана аялдардын тынчтыкты орнотуудагы ролун күчөтүүчү жергиликтүү иш-аракеттерди колдоо боюнча  маанилүү ролду ойношот. “БУУнун Аялдар” түзүмүнүн Кыргызстандагы кеңсеси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте УИАПты өнүктүрүүнүн жана локалдаштыруунун жергиликтүү пландарында гендердик сезимтал жана социалдык жактан инклюзивдик (GESI) мамилелерин колдонот. Бул жергиликтүү башкаруу органдарынын иш-аракеттер пландарын  жана бюджетти түзүүдө GEWE (гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү) маселелерин жана аялдардын муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын эске алуу мүмкүнчүлүгүн күчөтүүгө жардам берди.
- **УИАПты ишке ашыруу боюнча отчеттуулук формаларын жакшыртуу:** •	Экинчи УИАПтын аякташы УИАПты жүзөгө ашыруу боюнча отчеттуулук механизмдерин өркүндөтүүнүн зарылдыгын билдирет. Тиешелүү мамлекеттик органдарда отчеттуулуктун ар кандай формалары жана отчет берүүнүн ыраатсыз, макулдашылбаган тажрыйбасы бар. Отчеттуулуктун жаңы формасы УИАПты ишке ашыруунун жүрүшүндө отчеттуулукту жеңилдетүү максатында пилоттук түрдө колдонулган.

  Отчеттуулукту жакшыртуунун  натыйжалары УИАПты  ишке ашыруу мезгилинин аягына жакыныраак бааланат. УИАПты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн отчет берүү механизмдерин жана жараяндарын колдоону жана өркүндөтүүнү улантуу маанилүү.






Жогорудан төмөн карай

Кыргызстандагы жана Тажикстандагы аял активисттер жана аялдар топтору 2018-жылдын 21-сентябрында Кыргызстанда Тынчтык күнү учурунда Баткен шаарында өткөн тегерек столдо аялдардын чек арадагы тынчтыкты орнотуудагы ролун талкуулашууда. Сүрөт: БУУнун аялдар түзүмү

БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325-резолюциясын ишке ашыруу боюнча жумушчу топтун мүчөлөрү 2018-жылдын 14-декабрында “Кыргызстандагы тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууда аялдардын ролу” темасында потенциалды жогорулатуу семинарында. Сүрөт: БУУнун аялдар түзүмү

# 5. СУНУШТАР

Биринчи жана кийинки УИАПтар ишке ашырылгандан кийин, жарандык коом уюмдарынын мониторинги боюнча отчеттор, муктаждыктарды тез арада баалоо жана тиешелүү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес тараптардын ортосундагы консультативдик жолугушуулардын негизинде бир катар сунуштар иштелип чыкты. Төмөндө ушул сын-пикирлерден алынган негизги сунуштар жана тынчтык орнотуу жана коопсуздук маселелери боюнча атайын отчеттордон алынган кошумча сунуштар, ошондой эле, УИАП ишинин үч этабындагы "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" боюнча жалпы тажрыйбадан алынган иш-аракеттер келтирилген.

### 1-этап: УИАП 1325ти пландаштыруу жана бюджеттөө

1. **"Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" программасын колдоо үчүн негизги мамлекеттик жана мамлекеттик эмес таламдаш тараптардын саясий эркине жана жоопкерчилигине дем берүү:** улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги өкмөт башчыларын, жарандык коомду, донордук жамаатты, БУУнун өлкөлүк тобун "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" маселелерин коопсуздуктун жана туруктуу өнүгүүнүн артыкчылыктуу маселеринин бири деп таануусуна үндөө жана өбөлгөлөө жолдорун аныктоо. Жогорку жетекчилик "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" жана гендердик маселелерин түшүнүү менен чечүү үчүн жоопкерчиликти алууга милдеттүү. "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин илгерилетүүгө Президенттин Аппараты, Жогорку Кеңеш, Премьер-министрдин Аппараты жана ушул сыяктуу мамлекеттик таламдаш тараптарды тартуу маселеси каралышы керек.
2. **Далилдерге негизделген жана тармактар аралык талдоону колдонуп, УИАП 1325тин артыкчылыктуу маселелерин аныктоо:** коопсуздук кырдаалындагы актуалдуу көйгөйлөрдү, факторлорду жана тобокелдиктерди аныктоо үчүн мамлекетке гендердик сезимталдык менен чыр-чатактарды ар тараптуу талдоо сунушталат. Чогултулган далилдер жана талдоо алдыдагы УИАП 1325 үчүн негиз болушу керек. Мындан тышкары, негизги артыкчылыктуу маселелерди аныктоодо коопсуздук, тынчтык орнотуу, гендердик теңчилик жана туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү тиешелүү мамлекеттик программалардын, документтердин же саясаттардын ортосунда биргелешкен аракеттерди аныктоо керек (атап айтканда, Гендердик теңдикти орнотуу стратегиясы, Тынчтыкты орнотуунун артыкчылыктуу планы, PVE (Зомбулуктуу экстремизмдин алдын алуу) боюнча УИАП, Дин иштери боюнча мамлекеттик саясат, Санариптик трансформациялоо боюнча мамлекеттик программа, Туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясы жана ага байланыштуу "Биримдик. Ишеним. Жаратмандык" программасы, Кыргыз Республикасындагы элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы ж.б.) Мындан тышкары, өз ара байланыштарды жана кемчиликтерди аныктоо үчүн УИАПты экономика, мыйзам үстөмдүгү, акыйкаттык сыяктуу тематикалык тармактардын ортосунда байланыш түзүү үчүн колдонуу керек. Мындан тышкары, мамлекеттер "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" маселелери жана БУУнун ККнын 1325 резолюциясы боюнча эл аралык колдонмолорго жана саясатына, анын ичинде БУУнун "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" боюнча жыйынтыгынын негиздерине жана өнүгүүгө кызыккан тараптардын башка негизги документтерине таянууга чакырылат. Акырында, мамлекет УИАПтарды талкуулоо жана маалымдоо үчүн мамлекеттик таламдаш тараптар, өнүгүү боюнча өнөктөштөр, жарандык коом жана УИАП 1325 боюнча эксперттик коомчулуктун ортосунда консультативдик жолугушууларды өткөрүүнү улантат.
3. **УИАПты сунушталган негизги артыкчылыктуу тематикалык маселелерге багыттоо:** негизги мамлекеттик таламдаш тараптар, жарандык коом, донордук коомчулук жана эксперттер УИАП үчүн ар кандай – негизинен алдын алуу жана катышуу жаатындагы артыкчылыктарды сунушташат. Кеңешүүлөр жана мониторинг отчеттору учурунда чогултулган пикирлердин негизинде төмөнкү маселелер белгиленди:
   - Радикалдашуу; диний экстремизм; зомбулуктуу экстремизмдин алдын алуу, аялдарды жана кыздарды зомбулук экстремизмге жалдоо, Кыргызстанда чет өлкөлүк

террористтик согушкерлер деп шектелген адамдар менен байланышкан аялдар менен кыздарды кайра кайтаруу (репатриациялоо), калыбына келтирүү жана реинтеграциялоо, аял терроризми жана экстремизмдин кылмышкерлери/ жаңжал болгон аймактардан кайтып келгендер / түрмөлөрдөн бошотулган адамдар.

- Түштүк региондордун чек ара жамааттарында, анын ичинде жаратылыш ресурстарын башкаруудагы талаш-тартыштар жана жаңжалдар.
- Этностор аралык мамилелер жана сабырдуулук (толеранттуулук).
- Аялдардын саясий турмушка жана чечимдерди кабыл алууга катышуусу; коопсуздук тармагында аял кадрлардын жетишсиздиги.
- Гендердик теңчиликти, аялдардын тынчтыкты орнотууда катышуусун жана чечим кабыл алуудагы ролун колдоо үчүн жүрүм-турумунун жана социалдык мамилелеринин жана ченемдеринин өзгөрүшү.
- Аялдар менен кыздардын адам укуктары, гендердик теңчилик, тынчтыкты орнотуу жөнүндө билиминин жана сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу.
- Эмгек миграциясы жана ага байланыштуу аялдарга жана кыздарга карата зомбулук учурлары.

Жогоруда баяндалган негизги артыкчылыктуу багыттардан тышкары, УИАПти ишке ашыруу циклинде жаңы муктаждыктар жана жагдайдын өзгөрүшүнө жооп берүү үчүн ыңгайлашкан ыкмаларды карап чыгуу керек. Азыркы учурудагы COVID-19 пандемия кесепетинен үй-бүлөдөгү зомбулуктун 65% өсүшүнө жооп кайтаруу үчүн учурдагы УИАП 1325те ыңгайлашкан ыкмалардын зарылдыгы белгиленди. Башка өзгөчө кырдаалдар же гуманитардык кризистер, жер көчкү же чек ара жаңжалдары, ошондой эле жаратылыш ресурстарын (суу жана жер) башкаруу менен байланышкан кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча аракеттерди камтышы мүмкүн.

4. **Бюджет жана УИАПти ишке ашыруу үчүн финансылык ресурстарды бөлүштүрүү:** УИАПты өлкөнүн өнүгүшүнүн артыкчылыктуу багыттарынын катарына киргизүү үчүн өкмөт тарабынан бюджет түзүү өтө маанилүү. УИАПты ишке ашыруу үчүн, Өкмөт каржылык маселелерди көбүнчө кырдаалга жараша, системасыз чечет. Натыйжада, мамлекет каржылоонун жетишсиздигинен улам айрым иш-чараларды жүргүзө албай жатат. Өкмөт УИАПты ишке ашыруу үчүн керектүү бюджетти пландаштыруу этабында жана Финансы министрлигинин катышуусу менен эсептеп чыгууга тийиш. Андан кийин, өкмөт УИАПты ишке ашыруу үчүн мамлекеттик бюджеттен донордук коомчулуктун салымы менен каржылык ресурстарды бөлүп бериши керек. Кызыккан донорлор УИАП алкагында бир катар иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн мамлекетке каржылык колдоо көрсөтөт. Мындан тышкары, "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" маселелерине тиешелүү категориялык жана дем берүүчү гранттарды берүүнү караштырышы керек.

## 2-этап: УИАП 1325ти жүзөгө ашыруу жана аракетке келтирүү

5. **Улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги тиешелүү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес таламдаш тараптар, жарандык коом, өнүгүү боюнча өнөктөштөр, активисттер, ЖМКлар жана башка таламдаш тараптар ортосунда УИАП 1325 боюнча шайкеш келтирүүнү өркүндөтүү:** көптөгөн демилгелер жана ар кандай таламдаш тараптар жүргүзгөн иш-чаралар алкагында, ошондой эле стратегиялар менен программалардын ортосундагы шайкештик жана ырааттуулук жөнүндө сөз болгондо, шайкеш келлтирүү оперативдик деңгээлде өтө маанилүү. Бардык негизги таламдаш тараптар аныкталып, белгиленгенден кийин, шайкеш жана аракетке келтирүү нормативдик координацияны табып, бул аракеттерди УИАПти ишке ашырууга колдоо көрсөтүү үчүн бириктирүү жана иретке келитрүү маанилүү.
6. **Мамлекеттик таламдаш тараптардын жана жарандык коомдун катышуучуларынын "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" маселелери жана БУУнун ККнын 1325 резолюциясы боюнча дараметин күчөтүү:** УИАПты натыйжалуу ишке ашыруу жана тынчтыкты орнотууда аялдардын укуктары жаатында прогрессивдүү натыйжаларга жетишүү үчүн "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибинин алкагында тиешелүү мамлекеттик жана өкмөттүк эмес тараптардын дараметин күчөтүү керек. Мүмкүн болушунча, мамлекетке

дараметти жогорулатуу программаларын институционалдык деңгээлде жүзөгө ашыруу сунушталат, бул БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясынын контекстинде "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук"  күн тартиби боюнча тиешелүү кызыктдар тараптар үчүн үзгүлтүксүз билим берүү маселелерин системалуу чечүүгө өз салымын кошот. Ошондой эле, жарандык коомдун катышуучуларына, анын ичинде тынчтык орнотууда аялдардын ролу менен алектенген аялдар жетектеген ЖКУларды (жарандык коом уюмдары) УИАПти иштеп чыгууга, ишке ашырууга, мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуусу сунушталат. Мындан тышкары, бул процессти натыйжалуу башкаруу максатында УИАПты координациялоо үчүн дайындалган мамлекеттик жетектөөчү мекеменин дараметин күчөтүү сунушталат.

7. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын УИАПты ишке ашырууга тартуу:** жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү УИАПты жергиликтүү деңгээлде жүзөгө ашырууда чечүүчү ролду ойношу мүмкүн. УИАП 1325, аялдардын укуктары, гендердик негиздеги зомбулук жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр тууралуу калктын маалымдуулугун жогорулатуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тартуу жана алар менен иштөө сунушталат. Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына УИАП 1325 жана УИАПтын иш-аракеттерин жана гендердик теңчилик боюнча чараларды жергиликтүү өнүгүү пландарына киргизүү сунушталат. Программалардын бюджетин пландаштыруу жана түзүү учурунда гендердик сезимтал жана социалдык жактан инклюзивдик мамилелерге өзгөчө көңүл буруу керек.

8. **Аялдар менен кыздардын УИАП 1325, адам укуктары жана гендердик теңчилик жаатында чечим кабыл алууга катышуу жөндөмүн күчөтүү:** көп учурда адамдар аялдарды жабырлануучулар катары көрүшөт, бул зыяндуу мамиле болушу мүмкүн. Биз аялдарды өзгөрүүлөрдүн булагы  катары таанышыбыз керек жана аларга катышуу, чечим кабыл алуу жана билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек. Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүчү куралдардын бири – насаатчылык аркылуу алардын дараметин жогорулатуу. Мунун баары тынчтыкты орнотууда аялдардын ролун жогорулатуу жана аларды расмий жана бейрасмий эрте эскертүүдө, жаңжалдардын алдын алууда, тынчтык боюнча сүйлөшүүлөрдө же жаңжалдарды жөнгө салууда чечим чыгаруучу жана ортомчу катары тартуу максатында жасалат. "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин натыйжалуу алга жылдыруу үчүн дараметке ээ болгон лидер аялдарга өзгөчө көңүл буруу керек.

9. **БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясы боюнча маалымдоо жана коммуникациялык иш-чараларды жана кампанияларды өткөрүү:** Өкмөт "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин колдоо үчүн жүрүм-турумду жана социалдык ченемдерди өзгөртүү боюнча маалыматтык-байланыш  иш-чараларды УИАПке киргизиши керек. Жалпы калктын, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги тийиштүү мамлекеттик таламдаш тараптардын жана жарандык коомдун УИАП 1325 жөнүндө жана анын бардык тараптар  үчүн тынчтыкка жана коопсуздукка жетишүүдөгү чечүүчү ролу жөнүндө маалыматы аз. БУУ "Тынчтык үчүн" Ачык эшиктер күнүн "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибиндеги милдеттенмелердин аткарылышын тездетүүгө багытталган өткөн иш-чаралар учурунда берилген сунуштарды системалуу түрдө көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү катары пайдаланууну уланта бериши керек. "Тынчтык үчүн" Ачык эшиктер күнүнүн аянтчалары аркылуу аялдар жана тынчтык активисттери баштан өткөргөн тажрыйбаларын жана кыйынчылыктарын жана "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибине кошкон салымдарын айтып бере алышат. Бардык байланыш материалдары калктын ар кандай топторуна натыйжалуу жетүү үчүн ар кандай тилдерде, анын ичинде кыргыз тилинде иштелип чыгышы керек. Коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу жана "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин кабыл алуу, тынчтык тилин жайылтуу жана аялдар менен кыздардын аялуу топторуна карата басмырлоого каршы күрөшүү үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарына колдоо көрсөтүү керек. Диний таламдаш тараптарга аялдардын тынчтыкты орнотууга, коомдук турмушка жана өнүктүрүүгө катышуусунун маанилүүлүгү жөнүндө маалыматты жайылтууга катышуу сунушталат.

10. **Гендердик сезимтал жана социалдык жактан инклюзивдик мамилелерди**

**колдонуу жана “эч кимди унутпоо” принциби:** УИАПты ишке ашыруунун бүткүл циклинде мамлекетке УИАПти иштеп чыгуу, кеңеш берүү , ишке ашыруу, мониторинг жана баалоо жүргүзүү, отчеттуулук жана байланыштан баштап, гендердик теңдик жана социалдык инклюзивдүүлүк (GESI) жана “эч кимди унутпоо” принцибине негизделген мамилелерди колдонуу сунушталат. GESI ыкмасы эркектер менен аялдардын, эркек менен кыз балдардын ар кандай көз караштарын  жана муктаждыктарын эске алуу менен, бардыгы үчүн бирдей укуктар менен мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоого көңүл буруп, социалдык четте калгандардын   адам укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруу үчүн жана өнүгүүсүнө өз салымын кошуу жана натыйжалардан бирдей пайда көрүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү камтыйт. Туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) жетишүүдө өзгөчө көңүл “эч кимди унутпоо” принцибине бурулат, бул адамдын кадыр-баркын жогору баалоону жана кыйла маргиналдашкан жамааттардын алдыга жылуусуна  артыкчылыктуу маани берүүнү билдирет, аялдар менен кыздар көп учурда тизменин башында турат. Динчил аялдар, этникалык азчылыктар, чек аралык жамааттарда жашаган аялдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген аялдар, чет өлкөлүк террористтик согушкерлердин үй-бүлө мүчөлөрү, айылдык жаш аялдар жана мигрант аялдар сыяктуу аялдардын жана кыздардын аялуу топторуна өзгөчө көңүл буруу сунушталат.

## 3-этап: Мониторинг, баалоо, отчеттуулук жана билимди башкаруу

11. **УИАПтин аткарылышына мониторинг жүргүзүү  жана баалоонун натыйжалуу тутумун түзүү:** мамлекет отчет берүүнү жакшыртуу  үчүн мониторинг, баалоо жана отчеттуулуктун натыйжалуу механизмдерин киргизиши керек. УИАП реалисттик максаттарга жана милдеттерге ээ болушу керек. Өкмөт УИАПтин иш-аракеттеринин натыйжаларын пландаштыруу жана УИАПты ишке ашыруу мезгилинин аягында баалоо үчүн индикаторлорду иштеп чыгышы керек. Индикаторлор SMART критерийлерине ээ болушу керек – (S-конкреттүү, M-өлчөнө турган, A-ишке ашырылуучу, R-максатка ылайыктуу, T-өз убагында болуучу), сан жана сапат жагынан жакшы болушу керек, мүмкүн болушунча курагы жана жынысы боюнча бөлүштүрүлүшү керек. Индикаторлор ТӨМдүн улуттук көрсөткүчтөрү менен байланыштырылышы керек. Жакында Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн гендердик статистикага[13] баа берүү гендердик статистиканы түзүү үчүн статистикалык тутумдардагы маалыматтардын жетишпестигин көрсөттү. УИАП “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” күн тартибинин жыйынтыктары тууралуу отчет берүү жана мониторинг жүргүзүү үчүн бардык ТӨМдөр үчүн гендердик индикаторлорду жана гендердик мааниге ээ индикаторлорду талап кылган мониторинг тутумун түзүшү керек. Индикатор матрицасында  алдыга жетишүү индикаторлору жана/же жылдык көрсөткүчтөр камтылышы керек. Ошентип, өкмөт же жарандык коом акыркы индикаторлорго жетишүүдөгү прогрессти байкап, көзөмөлдөп жана отчет бере алат. Келишимдерге жараша, мамлекет УИАПтын аткарылышына милдеттүү орто мөөнөттүү баа берүүнү киргизүүгө чакырылат.
12. **Отчеттуулук формаларын кабыл алуу:** маалыматтарды чогултуу, алмашуу жана талдоо, ошондой эле кийинки отчеттуулукту өркүндөтүү үчүн тиешелүү мамлекеттик органдардын жана министрликтердин пайдалануусу үчүн отчеттуулуктун бирдиктүү формаларын иштеп чыгуу маанилүү. Отчеттуулук механизмдери учурдагы УИАПты жүзөгө ашырууда сынактан өтүүдө. Мамлекет учурдагы тажрыйбадан алынган сабактарды чогултууга жана отчеттуулук тажрыйбасын өркүндөтүүгө чакырылат. Жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтарды чогултууга, мониторинг жана сунуштоого өзгөчө көңүл буруу керек. Ишенимдүү, гендердик жактан бөлүштүрүлгөн маалыматтардын жоктугу укук коргоо органдарында, коргонуу тармагында, жергиликтүү кеңештерде жана башка мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгүн жогорулатуудагы  прогрессти байкоодогу кыйынчылыктардын бири болуп саналат.
13. **Отчеттуулук механизмдерин жана мониторинг жүргүзүү тажрыйбасын түзүү:** бул милдеттенмелерди аткаруу үчүн мамлекетке жана жарандык коомго колдоо көрсөтүү максатында  отчеттуулук жана көзөмөл механизмдери түзүлүшү керек. Жылдык отчеттор коомчулукка жеткиликтүү

13 Отчет о результатах оценки гендерной статистики в Кыргызской Республике (2020 г), PARIS21 (Партнерство для развития в области статистики в 21-м веке) и ООН-женщины

болушу керек жана үзгүлтүксүз орто мөөнөттүү жана/же жыйынтыктоочу баалоолорду туура пландаштырылган болушу керек. Жарандык коом уюмдарынын, айрыкча тынчтыкты жана коопсуздукту камсыздоодо аялдардын ролун илгерилетүүгө адистешкен уюмдардын жана/же көзкарандысыз тышкы баалоочулардын жана/же тийиштүү эксперттердин УИАПтын ишке ашырылышына ушул коомдук көзөмөлү УИАПтин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнү күчөтөт жана отчеттуулук тажрыйбасын орнотот. Айрым эксперттер УИАПтын аткарылышы жөнүндө өкмөттүн отчетторун кылдаттык менен карап, парламенттик көзөмөл аркылуу отчеттуулук механизмдерин күчөтүүгө чакырышат. Мындан тышкары, кээ бир эксперттер, отчеттуулукту жакшыртуу үчүн кызмат орундарынын көрсөтмөлөрүнө УИАПты ишке ашырууга байланыштуу тапшырмаларды киргизүүнү сунушташат.

14. **Институционалдаштыруу жана билимди башкаруу тажрыйбасын күчөтүү:** Мурунку УИАПтын аткарылышын баалоодо аныкталган кемчиликтер жана көйгөйлөрдүн бири кадрлардын алмашуусу же ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөлөрүнүн алмашуусу жана институционалдык эс тутумдун жоголушу болду. УИАПтин аткарылышы жөнүндө отчеттуулукка мониторинг жүргүзүү жана отчет берүү үчүн жооптуу мамлекеттик орган тийиштүү министрликтер жана мамлекеттик органдар УИАПтын ишинин мезгилинде кеминде эки координациялык борборду дайындоону камсыз кылууну уюштурушу керек. Институционалдаштыруу жараянына колдоо көрсөтүү үчүн билимди башкаруу тажрыйбаларын жайылтуу маанилүү. Ведомстволор аралык жумушчу топтун мүчөлөрү көйгөйлөрдү жана ийгиликтерди, алынган сабактарды жана сунуштамаларды чагылдыруу, изилдөө жана документтештирүү, топтолгон билимди жана тажрыйбаны башкаруу жана бул тажрыйбаны башкалар менен бөлүшүү үчүн институционалдык билимдерди өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзүшү керек.

# КОРУТУНДУ

2000-жылы тынчтык жана коопсуздук жаатында аялдардын маанилүү ролуна жана гендердик маселелердин маанисине карата дүйнөлүк консенсус менен белгиленген. Он жылдан кийин, 2010-жылы, Кыргызстан өлкөнүн түштүгүндө улуттар аралык зордук-зомбулукка туш болгон. Кризис калктын көпчүлүк бөлүгүнө чоң таасирин тийгизди, ал эми чыр-чатак учурунда жана андан кийин аялдар менен кыздар өзгөчө жапа чеккен. Бул чыр-чатак, өлкө ичинде аялдардын абалына көңүл буруунун күчөттү.

Кыргызстандагы БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясын кабыл алуу тегерегинде талкуулоолор негизинен чыр-чатак учурунда жана андан кийин аялдардын укугун коргоого көбүрөөк көңүл бурулгандыгына карабастан, УИАПтар иш жүзүндө кеңейип, аялдардын тынчтыкты орнотууда ролун ачыкка чыгарышты. Кыргызстан 2012-жылдан бери үч УИАПты кабыл алып, "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин жактоодо саясий эркти көрсөттү. Өкмөт бир катар жылыштарга жетишти жана тынчтыкка жана коопсуздук маселелерине гендердик аспектилерди киргизди.  Акыркы он жылдын ичинде жетишилген натыйжалар жаңжалдарды болтурбоого, жөнгө салууга же чечүүгө аялдардын катышуусунун чыныгы ролун өзгөртүү жана өркүндөтүү боюнча бир аз гана жылыштарды көрсөтүп турат. Чек ара аймактарындагы акыркы жаңжалдар Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы 2019 жана 2020-жылдар аралыгында сүйлөшүүлөрдө аялдардын жоктугун көрсөтүп турат. Чек арадагы жаңжалдар жана талаш-тартыштар учурунда аялдар жана балдар көп учурда коопсуз аймактарга эвакуацияланат.

Изилдөөчүлөр жана тажрыйбачылар аялдардын тынчтык жана коопсуздук жараяндарына катышуусу жана тартылышы туруктуу тынчтыкка алып келет деген пикирге келишти. УИАПтын мурдагы аткарылышы жөнүндө баалоо отчеттору фокус-топтордогу талкуулардын көпчүлүгү "Аялдар жаңжалдарды чечүүдө абдан маанилүү ролду ойношот, аялдар жаңжал тараптардын ортосундагы тынчтыкты орнотуу үчүн ортомчу боло алат"[14] деген пикирге кошулат деп белгилейт.

14 2016-2017-жылдарга карата УИПтин аткарылышын баалоо жана жергиликтүү жамааттардын жана мамлекеттик коопсуздуктун улуттук түзүмдөрүнүн Кыргызстандагы "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" жаатындагы муктаждыктарын баалоо жөнүндө отчет (2017-ж.). "Инновациялык чечимдер", "БУУнун Аялдары" түзүмү, БУУ БКБ.

Ушул жылы учурдагы УИАП аяктайт жана Кыргызстан кийинки жылдарда УИАПты тынчтыкты орнотууда аялдардын ролун жогорулатуунун натыйжалуу жана стратегиялык куралы катары пайдаланууну уланта бериши керек – бул биринчи же экинчи пландагы дипломатиясында болот. Мамлекет УИАПтын пландаштыруу, ишке ашыруу, отчеттуулук жана мониторинг этаптарында көптөгөн тажрыйбаларын өркүндөтүүгө жана жогорулатууга чакырылат. Комплекстүү мамиле потенциалга жана ресурстарга, көз карашка жана ишенимге, ошондой эле координациялоо жана отчеттуулук тажрыйбасына  багытталышы мүмкүн.

"Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартиби курулай белги коюлуучу техникалык машыгуу катары каралбашы керек. Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес кызыкдар тараптар коопсуздук жана өнүгүү контекстинде гендердик теңчиликти жана "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук"  күн тартибин өнүгүшүн колдоочу баалуулуктарга негизделген принциптерди жана түшүнүктөрдү кабыл алышы керек.

БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясынын мааниси көзкарандысыз негиз катары таанылышы керек, ошондой эле гендердик теңчилик, тынчтыкты орнотуу жана өнүгүү жаатындагы башка маанилүү саясий программалардын жана процесстердин ажырагыс бөлүгү катары таанылууга тийиш. "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" маселелеринин канчалык деңгээлде өркүндөтүлүп жаткандыгын баалоо жана GEWE (гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдардын укутарын жана  мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү)  менен "Аялдар, тынчтык жана коопсуздук" күн тартибин алдыга жылдырууда техникалык принциптерден натыйжалуулукка багытталган принциптерге өтүү үчүн жаңы инновациялык жана  ыңгайлашкан мамилелер жана чечимдер керек. Негизги максат – ар бир адамдын күчү менен жана бардык адамдар үчүн – эркектер  жана аялдар үчүн туруктуу тынчтыкка жана коопсуздукка умтулуу

# «БУУНУН АЯЛДАР» ТҮЗҮМҮ – ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ТҮЗҮМҮ. АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГООЧУ ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН БИЛДИРҮҮЧҮ «БУУНУН АЯЛДАР» ТҮЗҮМҮ БҮТКҮЛ ДҮЙНӨ ЖҮЗҮНДӨГҮ АЯЛДАР МЕНЕН КЫЗДАРДЫН МУКТАЖДЫКТАРЫН КАНААТТАНДЫРУУ ЖААТЫНДАГЫ ИШТЕРДИН ЫКЧАМДАТУУ МАКСАТЫНДА ТҮЗҮЛГӨН.

«БУУнун Аялдар» түзүмү гендердик теңдикке жетишүүнүн эл аралык нормаларын жана стандарттарын ишке киргизүүсүндө Бириккен Улуттар Уюмунун мүчө мамлекеттерине колдоо көрсөтөт жана аталган стандарттарды жүзөгө ашыруу үчүн талап кылына турган мыйзамдарды, саясый мамилелерди жана программаларды иштеп чыгуу жаатында өкмөттөр жана жарандык коом менен кызматташтыкта иш алып барат. «БУУнун Аялдар» түзүмү аялдардын жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүндө тең укуктуу негизде катышуусуна, приоритетүү иш-аракеттердин беш багытына өзгөчө көңүл буруу менен, көмөктөшөт. Ал багыттар – аялдардын лидерлик ролун күчтөндүрүү жана алардын коомдук жашоодогу иштерге тартылуу мүмкүнчүлүк-төрүн кеңейтүү; аялдарды басмырлоону түп тамыры менен жоюу; тынчтыкты жана коопсуздукту орнотууга байланышкан бардык маселелерди чечүүгө аялдарды катыштыруу; экономика тармагында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; улуттук өнүгүү жаатындагы пландоо жана аларга тиешелүү бюджетти иштеп чыгуу процесстеринде гендердик теңдикке жетишүүдө аялдардын борбордук ролун камсыздоо. «БУУнун Аялдар» түзүмү бүткүл БУУ системасынын алкагында гендердик теңдикке жетишүүнү боюнча аракеттерге көмөк көрсөтөт.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Кыргызстандагы "БУУнун Аялдар" түзүмү
Бишкек шаары, Киев көч. 195
Тел.: +996 312 988 016 (101)

Эл. дареги:: kyrgyzstan@unwomen.org
Веб-сайт: www.unwomen.org
eca.unwomen.org
kyrgyzstan.un.org